Түшүнгөн соң байкабай келгенимди,
Түйшүк тартып, кыйналсын дегениңби?
Жүзүңдөн күлкүң төгүлүп,
Жүз түркүн сырга айландың,
Орто жаш кезде көрүнүп,
Ооркчан кылдың адамды.
Жаштык кезим бекерге өткөндүгүн,
Жамалыңды бир көрүп сездим бүгүн.
Кайчылаш жаткан жол менен,
Кездешпей жүрсөң кантейин.
Кайраттуу кезде кайда элең?
Кечиккен жалжалым менин.
Ансыз деле чектелүү өмүрүмдү,
Арман менен достошуп өткөрөмбү?
Аксатпай Теңир сүйүүдөн,
Пендесин кемсиз кылбайбы.
Арзыбас болуп бул дүйнөң,
Сүйүүгө сараң турбайбы.
Күлгүн жаш кез кайда элең,
Күйдүргөн жалжалым менин.